**Автор: Алыбаев Биримкул**

**Композитор: Айтиев Акылбек Эсенович**

**Түшүмө кирдиң түндө сен**

Жыпар жыт каптап,
Дүйнөнүн жибек жел эзген.
Жүрөгүм чакмак,
Жүлүндөн бери «дүрт» эткен.
Сел болуп аппак,
Нур болуп каптап,
Түшүмө кирдиң,
Түшүмө кирдиң түндө сен.
Ак кайың бүрдөп,
Ажайып аалам тиктесем.
Толкуну түрмөк,
Айдың көл мына издесем.
Токтолбо жүр деп,
Толкунга мин деп,
Түшүмө кирдиң,
Түшүмө кирдиң түндө сен.
Ак шумкар шаңшып,
Канатын күүлөп бийиктен.
Көңүлдү тартып,
Кайберен жүргөн бийик бел.
Көл болуп чалкып,
Жыт болуп аңкып,
Түшүмө кирдиң,
Түшүмө кирдиң түндө сен.